Абакиров К.

Ж.Баласагын атындагы КУУ

# «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА МИФОЛОГИЯ

Чындыкка канчалык коошпой турса да, баяндалган нерселерди айныгыс чындык катары кабылдоону талап кылып, айрыкча көп талаш-тартыштардын объектиси болуп келген жана эмне үчүн ушундай экендигин (чындык, болгон нерсе катары) аныгында эч ким толук айкындап бере албаган мифтин же мифологиялык аң-сезимдин «Манас» эпосундагы орду, мааниси канчалык деген суроо кыйладан бери бул эпосту изилдөөчүлөрдүн да «баш оорусу» болуп келет. Калган эсепсиз маселелердин тутумунда мифтик персонаждардын жана окуялардын эпостун структурасындагы орду, маани-маңызы жана тек-жайы олуттуу жагдайлардын жөн-жайын ачып берүүгө көмөкчү болорун манастаануучулар эбак эле түшүнүшкөн. Эпосту изилдөөдө өз алдына койгон максатына жараша илимпоздордун бир тобу бул маселеге такыр назар салышпаса, бир тобу ага тийди-качты мамиле кылып, же айланып өтсө, айрым окумуштуулар аны дайым көңүл чордонунда кармап, манас-таануудагы эң бир оручундуу, эң бир түйүндүү маселе катары кароосунун жөнү бар. Алардын көп жагынан жүйөлүү көз карашы боюнча мифтик персонаждар жана окуялар, алар аркылуу берилген мифологиялык аң-сезимдин өзү чыгармага «жөндөн-жөн» эле киргизилбеген, б.а., мында көп маани, белгилүү бир мыйзам-ченем бар, ошондуктан анын генезисин, көркөм структурасын жана функциясын чечмелеп берүү орчундуу милдет. Ансыз эпостун көптөгөн түйүндүү маселелери натуура түшүндүрүлүп калышы ыктымал деген көз караштагы илимпоздордун аргументтери негиздүү десек болот.

«Манас» эпосу адеп иликтөөнүн объектиси болгондо эле «миф» деген сөз-термин колдонулган. Ч.Валиханов: «Манас» - бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, легендаларынын бир мезгилге келтирилген жана бир адам - баатыр Манастын тегерегине топтош-турулган энциклопедиялык жыйнагы» (1, 13-бет), - деп эсептесе – (астын сызган биз – К.А.), В.В.Радлов өзү жазып калтырган вариантындагы Манас жана Жолойду «тарыхый инсандар эмес, мифтик фигуралар» - деп жазат.(2, 30-бет). Булардан кийин, андан ары Совет мезгилинде жана эгемендүүлүк кезде да «Манасты» тигил же деңгээлде иликтеген кыргыз жана чет элдик окумуштуулардын дээрлик бардыгы эпоско карата «миф, мифология, мифтик аң-сезим, мифологиялык доор, мифологиялык: сюжет, образ, окуя, персонаж, мотив, символ, белги» деген термин-түшүнүктөрдү колдонбой кое алышпайт. Демек, «Манас» эпосунун мифология менен байланышы, мифтин андагы орду олуттуу экендиги талаш туудурбайт. Кеп алардын кандай өңүттөн изилденип, кандай жыйынтык - бүтүмдөр чыгарылгандыгында турат. Мисалы, академик В.М.Жирмунский «Манас» эпосуна карата миф, мифологиялык: аң-сезим, образ, сюжет, мотив деген термин-түшүнүктөрдү көп колдонбойт. Миф менен жомокту, миф менен жомоктук фантастиканы ажыратпай, баарын мифологияга байланыштыра берген илимпоздордон айырмаланган В.М.Жирмунский алар-дын өзгөчөлүктөрүн мыкты түшүнүп, модалуу терминди (мифти) туш келди колдоно берүүдөн качат да, бул маселеге кылдат мамиле жасайт. Кыскасы, «Манас» эпосунда миф, мифтик сюжет, образ, мотивдер бар. Бирок алар айрым окумуштуулар талдагандай зор көлөмдө эмес, ал түгүл В.М.Жирмунский белгилегендей, жо-моктук элементтер да анда үстөмчүл орунда эмес.

«Манас» жана мифология масе-лесине баам салган адам илимпоз-адистер ага ар башка методологиялык өңүттөн мамиле жасап, кээде бирин-бири кайталаган, же бири-бирине жакын, кээде бири-бирин жокко чыгарган көз караштар, божомол-гипотезалар илгер-теден эле өкүм сүрүп келе жаткандыгын көрөт. Бул орчундуу маселеге кайрылуу менен илимпоздордун көздөгөн максаттары да бири-биринен айырмалуу экендигин алар ар кандай анализ талдоолордун натыйжасында чыгарган жыйынтык-бүтүмдөрү ачык айгинелеп турат. Ошондуктан мифтик аң-

сезим түшүнүгүн, анан манастаанууучулардын бул багыттагы ой-толгоолорун айкындап алуу зарыл.

Ошентип, миф, мифтик аң-сезим дегенибиз эмне жана аларды манастаанууучулар эпостун көркөм эпикалык түзүлүшүнөн кандайча ажыратып, кандайча бир чыгармага кайра бириктирип келишет деген маселеге миф тууралуу эсепсиз ой-пикирлерди четте калтырып, кыргыз окумуштуусунун көзү менен назар сала кетели.

Философ Ы.Мукасов аталган маселе боюнча буларды жазат: «Мифтик аң-сезим дүйнө тууралуу ой-жүгүртүп, аны түшүнүүгө карата жасалган аракеттерден пайда болот, ошону менен бирге ал дүйнөнү өздөштүрүүнүн жана анын маңызын түшүндүрүүнүн негизги бир ыкмасы. Мифтер - тарыхый жактан алганда, дүйнөнүн алгачкы, толук картинасы. Мифтерден адам өзүн-өзү таанууга жана дүйнөдөгү өзүнүн ордун аныктоого жасалган аракеттерин көрүүгө болот. Мифология ошону менен катар дүйнөнүн маңызын түшүнүү процесси жана жыйынтыгы. Мифтик аң-сезимдин негизиндеги жалпылоонун жана абстракциялоонун жетишсиздиги адамдардын дүйнө жөнүндөгү фантастикалык жана иллюзиялык көз караштарын жараткан. Ошондой эле миф - бул жөнөкөй практиканын деңгээлинде адамдардын табыгый, коомдук кубулуштарды жалпылоосунун жана абстракциялаштыруусунунун түздөн-түз жыйынтыктары» (3, 12-бет).

Демек, миф дегенбиз, жөнө-көйлөштүрүп айтканыбызда, адамдын өзүн-өзү курчап турган дүйнөнү таанып билип, түшүндүрүү аракетинин бизге белгилүү болгон эң байыркы, көөнө (архаикалык) формасы болот да, адам турмушуна тиешеси бар, аны ойлонтуп аңдап билүүгө, түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө аргасыз кылган коомдогу жана ааламдагы бардык көрүнүштөрдү, кубулуштарды, нерселерди жана түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт. Бирок айрым башка элдерде да, кыргыздарда да байыркы мифтер толук сакталбаган, сакталгандары ошол көөнө абалында бизге жетпей, кийин көп өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга дуушар болгон, айрымдары өзүнчө айтылса, көпчүлүгү башка жанрдагы фольклордук чыгар-малардын тутумунан орун алып, анын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө жараша белгилүү деңгээлде өзүнүн түр-түспөлүн өзгөрткөн. Алардын ичинде «Манас» эпосундагы мифтер (сюжет, образ, мотив, деталь, символ, белги абалында) сөзсүз орчундуу орун ээлейт да, мифтин табиятын, функциясын ачып берүүгө көмөк болот.

Бирок өз алдынча айтылып келген мифтерге караганда эпостун туту-мундагы мифтин, болгондо да ошол чыгарманын сюжеттик курамына чеберчилик менен өзүнчө сюжет, образ, мотив катары кынтыксыз сиңирилген «миф» иретинде ички структурасы да, аткарган функциясы да башкачараак мүнөздө болот. Аны шарттуу түрдө гана эпостун жалпы курамынан ажыратып кароого мүмкүн болгону менен, ал түпкүлүгү өз алдынча айтылган мифтерден айырмалуу экендиги шексиз. Бул жагдайды көңүлгө алуу менен «Манас» эпосундагы мифология маселесин иликтөөгө алган фольклорист, адабиятчы, философ этнограф (ж.б.) багытындагы адистер аны бири-биринен айырмаланган позициядан туруп, түрдүүчө көз караштарын билдиришет.

Жогортодо белгиленгендей, манас-таануучулар бул маселеге тезистик формада болсо да кайрылбай кое алышкан эмес. Алардын ичинен дегеле мифке, анын эпостогу ордуна дамамат ынтаа коюп, кыйла кеңири жана терең иликтеп келишкен Р.Кыдырбаева, К.Байжигитов, Ш.Акмолдоева, М.Мамы-ров, И.Молдобаев, М.Убукеев, Т.Аскаров, М.Борбугулов, А.Жокаева, Р.Сарыпбеков, К.Адиев, К.Садыков, Н.Нарынбаева, Ж.Кадырбаева өңдүү манастаанууучуларды бөлүп көрсөтүүгө болот (1). Аларга чейин бул маселенин айрым жалпы жагдайларына Ч.Вали-ханов менен В.Радловдон тартып, К.Тыныстанов, К.Рахматуллин, М.Богда-нова, В.М.Жирмунский, А.Бернштам, М.Ауэзов, А.Берков, Б.Юнусалиев, С.Мусаев (ж.б.) өңдүү окумуштуулар назар салып келишкен.

«Манас жана миф» маселеси бир нече багытта жана ар башка максат менен иликтенип

келди. Алар биздин баамыбызда төмөнкүлөр:

***I. Эпостун жанрдык жактан кандай мүнөздөгү чыгарма экендиги.***

Бүгүнкү күндө «Манас» тарыхый-баатырдык эпостун залкар жана кайталангыс классикалык үлгүсү катары кабылданып, бул жагдай талаш туудурбоочу көрүнүш болуп калганы менен, ага удаалаш башка көз караштардын жашоого укуктуулугун да жокко чыгарууга болбойт. Эпоско адеп назар салышкан Ч.Валиханов менен В.Радлов аны тарыхый окуялар, уламыштар менен коштолгон чыгарма катары баалашып, бирок аны кең-кесири талдоого алууга алардын мүмкүнчүлүгү, шарты болгон эмес.

Ал эми совет мезгилинде, андан кийин деле эпос жана миф маселесине бир ыңгай, текши мамиле болгон жок да, талаштуу маселелер арбын экендиги ачык көрүндү. Маселен, «Манас» тууралуу алгачкы фундаменталдуу эмгектин автору М.Ауэзов бардык эле эпостордо миф бар экендигин, «азыркыга чейин» (1930-жылдар-К.А.) «Манастагы» мификалык катмар эпостун талашсыз көөнө негизи катары эч ким тарабынан аталбагандыгын, көп кылымдар оозеки аткарып келишкен жомокчулардын ырчылык өнөрүндө кыялый жана реалдуу дүйнөнү ажыратып берүү «жооптуу жана чечилиши оор» милдет экендигин белгилей келип, «… упомянув об этом мифическом слое «Манаса» иссле-дователи не ищут его в целом, а останавливают свое внимание на отдельных мотивах мифа и соскальзывают на боковые пути схематических, шаблонных … рассуждений, поисков параллелей в мифах других народов, идут еще дальше по линии сопоставления этих мифов и доходят до того, **что миф объясняется мифом, литература литературой**»,- деп жазган эле (4, 56-б.). М.Ауэзовдун тушунда али терең тамыр жая элек мындай көз караш же эпостун мифологиясын ал белгилеген ыкмалар менен ачып берип, далилдөө аракеттери кийин (1990-2000 жылдарда) айрыкча кеңири кулач жайып, бир чети окумуштуунун көрөгөчтүгүн тастыктаса, экинчиден, «эпос жана миф» маселесинин кыйла татаал мүнөзүн ачыкка чыгарды. Ал эми М.Ауэзовдун андан ары бул жагдайдагы төмөнкү ой бүтүмү бүгүн да маанисин жогото элек: «Никто не предлагает отказываться от определения мифических элементов, если они присутствуют в составе «Манаса». **Но не нужно пре-увеличивать их долю в эпосе, где нет данных, позволяющих относить их к древнейшему, основному слою… Надо также помнить, что их наличие в эпосе вовсе не говорит об их вхождении в состав «Манаса» в наиболее древних его вариантах. Мифические мотивы, как готовые сюжетные схемы, могут обволакивать и более поздние исторические факты**» (4, 57-бет). Көрүнүп тургандай, М.Ауэзов эпостогу мификалык катмар, мификалык мотив тууралуу сөз кылат да, аны мифологиялык чыгарма катары эсептебей, анын баштапкы негизин миф түзүшү ыктымал деген пикирлерге кооптонуу жана ишенбөөчүлүк менен мамиле жасайт. Ага удаалаш эле В.М.Жирмунский да: «Манаска» карата «миф» терминин сейрек колдонуп, «жомоктук фантастика», «архаика», «жомоктук мифологиялык фантастика», «жомоктук мотив» деген түшүнүктөргө басым жасайт да, алар бир чети «саркынды, калдык» болсо, экинчиден, «кийинки маданий катмар» катары кездешерине назар салып, «**в героическом эпосе мифологическое и сказочное сводятся в основном к масштабам героической чело-вечности; господствует не сказочная фантастика, а монументальной реализм**», - деп жазды (5, 116-бет). Эгерде миф аалам дүйнөнү, анын кубулуштарын, алардын тек-жайын түшүндүрөт жана ага ишендирүү милдетин аткарат деген көпчүлүк мифтаануучулар кабылдаган аныктамага таянсак, В.Жирмунскийдин эпостогу кыйла сюжеттик бутактануударды жана образдарды, мотивдерди жомоктук фантастика катары гана карашы негиздүү болуп чыгат. М.Ауэзов сыяктуу эле В.Жирмунский да «Манасты» мифологиялык-баатырдык эпосторго кошпойт да, «типтүү баатырдык эпос» деген мүнөздөмө берет.

Бул ойду бекемдеген өңдүү эпостун генезисин кыргыз элинин этногенези жана түрк-монгол

элдеринин эпостору менен тыгыз байланышта иликтеген белгилүү манастаануучу Р.Кыдырбаева: «**Мифологический пласт в эпосе «Манас» не является существенным**, возможно, многое из того, что было при зарождении первых элементов художественного мышления, утеряно, осталось неизвестным нам. В «**Манасе» превалируют исторические события…**», - деп жазат. (6, 39-б.). Мындан стадиялык жактан алганда, «Манас» мындай эпостун мурунку эки тепкичинин (маселен, жомоктук баатырлардын эрдиктерин сүрөттөгөн якут олонхосу-1 жана уруулук күрөштөрдү чагылдырган алтай эпосу-2) органикалык уландысы катары мифологиялык башаттан өнүгүп чыккан тарыхый-баатырдык эпостун үлгүсү деген жыйынтык келип чыгат.

Ошентип, «Манаска» тарыхый-баатырдык эпостун классикалык үлгүсү деген аныктама негизделди да, ал текши колдоого ээ болуп, кийинки манасиликтөөчүлөр, М.Ауэзов алдын-ала айткандай, бул монументалдуу эпостун жаралышында, жалпы сюжеттик, образдык жана идеялык-философиялык тутумунда мифтин, мифтик сюжет, образ, мотивдердин орду, маани-маңызы канчалык деген маселеге назар салып, аны кыйла конкреттүү, терең жана кеңири талдоого өтүштү. **Бул «Манас» жана миф» маселесинде 2-багыттын чыгар-мадагы сюжет, образ, мотив, символдордун мифологиялык та-биятын, тек-жайын (генезисин) жана алардан келип чыккан фило-софиялык, маданий, социалдык, космологиялык (ж.б.) маани-маңызды, маселелерди иликтөөгө эшик ачты**. Мындай иликтөөлөрдүн башатында эпосту энциклопедия иретинде мүнөздөгөн Ч.Валихановдун жана А.Н.Бернштамдын «**энциклопедия энциклопедиялык, б.а., ар тараптуу (все охватываюшее) иликтөөнү**» талап кылат деген бүтүмү жаткандыгы да анык. Кыйла эмгектерде бул проблемалар эпостун чыныгы автору болгон кыргыз элининин байыркы жана кийинки доорлордогу дүйнө түшүнүгү, дүйнө таанымы, рухий маданияты, эпикалык поэзиянын жаркыраган үлгүсү менен берилген дүйнө, аалам модели жана жашоо-тирликтин бардык тарабын камтыган философиясы деген маселелер менен аралаш, тутумдаш каралып, аларды шарттуу түрдө гана ажыратуу мүмкүн болуп калды.

Ал эми XX кылымдын аяк ченинде башталып, XXI кылымдын биринчи он жылдыгында бөтөнчө кулач жайып, өзүлөрүн көзү ачык, парапсихолог, олуя, айтымчы, гипнолог, касиет таануучу, манасизилдөөчү деп аташкан «адистер» «миф» проблемасын бул терминди таптакыр колдонбой туруп эле чечмелөөгө өтүштү. Алар эпостун касиети, анын каармандарынын энергетикалык күч-кубаты, сыйкыры тууралуу илимий маселенин чектерине сыйбаган, бирок кайсы бир өңүттөн түшүндүрүүнү талап эткен көз караштарды элге ыкчам жана жапырт жайылтып, сиңирип жатышат. Алар үчүн эпостогу бардык көрүнүштөр далилдөөнү талап кылбаган чындык болуп эсептелет. Албетте, булардын «Манас» жана миф» маселсине кыйыр болсо да тиешеси бар экендигин моюнга алуу зарыл. Анын үстүнө тээ илгери эле М.Убукеев: «**Как всякое сложное явление культуры, «Манас» содержит два слоя информации: поверх-ностный, который люди понимают и осознают, и внутренний, остающийся неосознанным, действующий на человеческое подсознание. Мир «Манаса» загадочен и таинствен. Весь эпос состоит из зашифрованных магических, сакральных знаков и символов, и приоткрыть эту завесу таинственности пока еще никому не удалось. Порою кажется, что «Манас» живет в ином пространственном измерении и имеет свое мощное защитное поле, надежно ограждающее его духовное пространство от любого вторжения извне**», - деп жазып (7, 169-б.), мындай изилдөөлөргө кокусунан жем таштап койгон сыяктуу. Бирок М.Убукеев менен көзү ачыктардын изилдөөлөрүн бир катар коюу мүмкүн эмес. М.Убукеев маселеге нагыз илимий мамиле жасаса, парапсихологдордун ой жүгүртүүлөрүнүн жыланач экендиги кашкайып эле көрүнүп турат. Албетте, бул маселе да өзүнчө сөз кылууга арзыйт жана ага кийинчерээк кайрылууга туура келет.

Кыскасы, «Манаста» миф арбын бар, бирок ал мифологиялык чыгарма эмес экендиги шексиз. Жогортодо айтылгандай, андагы мификалык эпизоддор, персонаждар, мотивдер,

символдор өзүнүн эң байыркы, архаикалык мүнөзүнөн ажырап, кыйла транформацияга учурап, эпостун жалпы идеялык-философиялык рухуна ыңгай-лаштырылганы анык. «Демифологизация тенденциясы» «Манас» эпосун айланып өткөн эмес. Архаикалык миф анда түр-түспөлүн гана эмес, маани-маңызын да өзгөртүп, көп учурларда подтексттик формага келтирилгендигин көрөбүз. Ушундан улам эпостогу мифтик элементтердин купуя, сакралдуу жаг-дайларына басым жасашкан М.Убукеев, М.Борбугулов, М.Мамыров, Ш.Акмол-доева ж.б. сыяктуу манас-иликтөөчүлөрдүн эмгектери манастаа-нуунун азыркы мезгилдеги тенден-цияларына толук төп келет (8). «Эгерде архаикалык эпосто эпикалык доор адам жаралышынын абалкы турпатын берген мифтик доорду чагылдырса, класс-сикалык эпос тарыхый, тактап айтканда, квазитарыхый мезгилдин мамлекеттик, уруулук, пенделик тарыхый баяндайт. Архаикалык эпосто космостун жеңиши үчүн Хаоско каршы күрөш жүрсө, классикалык эпос – ээлеген жерин, тутунган динин, уруулук багым-сыздыгын сактап калуу үчүн күрөшүн сүрөттөйт» (9, 149-150-бет). Изилдөөчү Н.Нарынбаеванын бул бүтүмү «Манас» эпосуна тикелей тиешелүү. Буга классикалык тарыхый-баатырдык эпос уруунун гана эмес, бүтүндөй улуттун, мамлекеттин көйгөйлүү маселелерин чагылдыра тургандыгын кошумчалай кетүү зарыл.

Буга куйрук улаш эле сөз болгон маселе менен биримдикте иликтенип келген «Манас» эпосунун же дегеле **тарыхый-баатырдык эпостун жара-лып өнүгүшүндө мифтин орду канчалык** деген проблемага да кыскача назар сала кеткенибиз жөндүү болуп турат. (Уландысы бар).

**Адабияттар:**

1. Валиханов Ч. Очерки Джунгарии. Китепте: Энциклопе-дический феномен эпоса «Манас»: Сборн. статей. – Б., 1995.
2. Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Предисловие. / Китепте: Энцикло-педический феномен эпоса «Манас»: Сборн. статей. – Б., 1995.
3. Мукасов Ы. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. – Б., 2004.
4. Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма «Манас». / Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». – М., 1961.
5. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». / Китепте: Энциклопедический феномен эпоса «Манас»: Сборн. статей. – Б., 1995.
6. Кыдырбаева Р. Генезис эпоса «Манас». – Ф., 1980.
7. Убукеев М. Тайны эпоса «Манас». // –Литературный Кыргызстан. № 11-12, 1992 г.
8. Убукеев М. Тайны эпоса «Манас». // Литературный Кыргызстан. № 11-12, 1992; № 5-6, 1993; Борбугулов М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы. – Б., 2004; Акмолдоева Ш. Вселенная «Манаса» -Б., 2009; Мамыров М. «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. – Б., 2005; Кыдырбаева З. Генезис эпоса «Манас» -Ф., 1984.
9. Нарынбаева Н.О. Миф жана фольклор. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Серия 1, 5- чыгарылыш. Гуманитардык илимдер. - 2011.